# Банктар аралык кредиттик ресурстар рыногу

*(2014-жылдын сентябрь айы)*

Өткөн айдагы ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда кароого алынып жаткан мезгил ичинде банктар аралык рынокто коммерциялык банктардын ликвиддүүлүгүнүн орточо күндүк деңгээлинин 3,5 пайызга, 745,9 млн. сомго чейин төмөндөгөнү байкалган.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде банктар аралык кредиттик рынокто репо шарттарындагы операциялар жана стандарттык шарттарда улуттук валютадагы кредиттик бүтүмдөр ишке ашырылган. Банктар ортосундагы чет өлкө валютасындагы кредиттик бүтүмдөр, мурдагыдай эле жүргүзүлгөн эмес. Мында, репо шарттарындагы бүтүмдөр орточо салмактанып алынган чен боюнча жылдык 5,2 пайызда жүргүзүлгөн (-0,1 пайыздык пункт). Аталган кредиттердин көлөмү өткөн айдын көрсөткүчүнө салыштырганда 21,5 пайызга төмөндөө менен 6,6 млрд. сомду түзгөн.

Улуттук валютадагы бүтүмдөрдүн көлөмү өткөн айдын ушул эле көрсөткүчүнө салыштырганда 2,2 пайызга көбөйүү менен 26,8 млн. сомду түзгөн. Аталган кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган чен өткөн айдын деңгээлинде калып, 9,5 пайызды түзгөн.

Ошондой эле кароого алынып жаткан мезгил ичинде Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын инструменти “овернайт” кредиттерине суроо-талаптын төмөндөөсү белгиленген, алардын көлөмү 2,7 млрд. сомду түзгөн (-33,7 пайыз). Улуттук банк тарабынан белгиленген “овернайт” кредиттери боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 9,0 пайыз деңгээлде сакталган.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде Улуттук банктын кредиттик аукциондорунун базасында коммерциялык банктарга кредиттерди берүү 720,0 млн. сом суммасына жүзөгө ашырылган (+44,0 пайыз), 7 күндүк жана бир күндүк кредиттер берилген эмес.

Отчеттук мезгил ичинде Улуттук банк, коммерциялык банктардын каражаттарын 6,1 млрд. сом суммасына “овернайт” шарттарында депозиттерге жайгаштырууну уланткан (-57,4 пайыз).

**1-график. Ички банктар аралык кредит рыногундагы бүтүмдөрдүн көлөмдөрүнүн жана пайыздык чендердин динамикасы**




Кредиторлордун концентрациялануу индекси ай ичинде 0,74төн 0,57ге чейин, ал эми дебиторлордун концентрациялануу индекси – 0,65тен 0,27ге чейин төмөндөгөн. Бул индекстердин мааниси рыноктун концентрациялануунун төмөн деңгээлин көрсөтүп турат жана рынокто бирдей үлүштөгү эки кредитордун жана төрт карыз алуучунун катышуусуна ылайык келет.

**2-график. Банктар аралык кредит рыногунда резидент эмес банктар менен чет өлкө валютасындагы бүтүмдөрдүн көлөмүнүн жана пайыздык чендеринин динамикасы**




Банктар-резидент эместер менен чет өлкө валютасындагы кредиттик бүтүмдөрдүн көлөмүн өткөн айдын ушул эле көрсөткүчүнө салыштырганда 27,7 пайызга төмөндөө менен 1,4 млрд. сомдук эквивалентти түзгөн. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде банктар-резидент эместер менен жүргүзүлгөн кредиттик операциялар боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 2,4 пайыз деңгээлде түптөлгөн (+0,5 пайыздык пункт).

**1-таблица. Улуттук валютадагы банктар аралык кредиттердин динамикасы (мөөнөттүүлүк боюнча)**

| Мезгил аралыгы | | Жалпы | | | Анын ичинде бүтүмдөр боюнча | | | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | 1 күнгө ч-н | | 2-7 күн | | 8-14 күн | | 15-30 күн | | 31-60 күн | | 61-90 күн | | 91-180 күн | | 181-360 күн | | | |
| | | Көлөмү (млн. сом.) | Бүтүм саны | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) |
| 2013 | 09 | 297,4 | 6 | 7,8 | | | 50,4 | 4,5 | | | | | | | | | 49,0 | 8,5 | 50,4 | 8,5 | 147,6 | 8,5 |
| | 10 | 40,5 | 1 | 4,0 | | | 40,5 | 4,0 | | | | | | | | | | | | | | |
| | 11 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 12 | 169,3 | 3 | 6,1 | | | | | 40,0 | 3,0 | | | | | | | 59,3 | 7,0 | 70,0 | 7,0 | | |
| 2014 | 01 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 02 | 155,8 | 3,0 | 7,3 | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 03 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 04 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 05 | 104,0 | 1 | 7,0 | | | 104,0 | 7,0 | | | | | | | | | | | | | | |
| | 06 | 78,8 | 1 | 12,5 | | | | | | | | | | | | | | | 78,8 | 12,5 | | |
| | 07 | 51,9 | 2 | 9,5 | | | | | 51,9 | 9,5 | | | | | | | | | | | | |
| | 08 | 26,2 | 1 | 9,50 | | | | | 26,2 | 9,50 | | | | | | | | | | | | |
| | 09 | 26,8 | 1 | 9,50 | | | | | 26,8 | 9,50 | | | | | | | | | | | | |

**2-таблица. Коммерциялык банктардын репо операциялары (мөөнөттүүлүк боюнча)**

| Мезгил аралыгы | | Жалпы | | | Анын ичинде бүтүмдөр боюнча | | | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | 1 күнгө ч-н | | 2-7 күн | | 8-14 күн | | 15-30 күн | | 31-60 күн | | 61-90 күн | | 91-180 күн | | 181-360 күн | | | |
| | | Көлөмү (млн. сом.) | Бүтүм саны | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) |
| 2013 | 09 | 2070,1 | 28 | 4,0 | 823,1 | 4,0 | 1247,0 | 4,1 | | | | | | | | | | | | | | |
| | 10 | 1792,3 | 29 | 4,3 | 653,0 | 4,3 | 1139,3 | 4,2 | | | | | | | | | | | | | | |
| | 11 | 317,5 | 12 | 4,3 | 199,0 | 4,4 | 118,6 | 4,2 | | | | | | | | | | | | | | |
| | 12 | 419,2 | 6 | 4,0 | 20,0 | 3,5 | 399,1 | 4,0 | | | | | | | | | | | | | | |
| 2014 | 01 | 101,4 | 3 | 3,6 | 66,2 | 3,5 | 35,3 | 3,8 | | | | | | | | | | | | | | |
| | 02 | 1626,8 | 36 | 4,9 | 508,0 | 5,3 | 1060,3 | 4,7 | 58,4 | 5,0 | | | | | | | | | | | | |
| | 03 | 2574,9 | 62 | 8,1 | 787,7 | 8,4 | 1787,2 | 7,9 | | | | | | | | | | | | | | |
| | 04 | 2606,1 | 64 | 7,7 | 401,3 | 7,6 | 2056,6 | 7,6 | 148,2 | 8,4 | | | | | | | | | | | | |
| | 05 | 3035,2 | 53 | 7,5 | 620,1 | 7,7 | 2297,3 | 7,5 | 117,9 | 8,0 | | | | | | | | | | | | |
| | 06 | 6174,1 | 76 | 7,8 | 3279,6 | 8,0 | 2630,4 | 7,6 | 215,0 | 8,5 | 49,2 | 8,0 | | | | | | | | | | |
| | 07 | 7717,8 | 78 | 6,6 | 4506,8 | 6,0 | 2906,5 | 7,2 | 304,6 | 8,0 | | | | | | | | | | | | |
| | 08 | 8 395,2 | 59 | 5,27 | 4 598,9 | 5,09 | 3 787,0 | 5,48 | 9 299 | 6,00 | | | | | | | | | | | | |
| | 09 | 6 588,7 | 72 | 5,17 | 361,2 | 4,90 | 6 187,4 | 5,17 | 40 102 | 7,00 | | | | | | | | | | | | |